# Ачык сабактын план-иштелмеси

# Кыргыз адабияты - 5-класс

# Сабактын темасы:

## Ч.Айтматовдун "Ак кеме" повестинен "Бугу-Эне" жомогу.




**Өтүлүүчү күнү:** 2.12.21 **мугалими:** Турсуналиева В. Т.

Сабактын тиби: Өтүлгөн теманы бышыктоо сабагы.

Сабакта колдонулуучу усулдар жана ыкмалар: интерактивдүү, традициялык

Сабакта колдонулуучу каражаттар жана материалдар: окуу китеби, сүрөттөр, компьютер, проектор, видео-слайд,суроолор жазылган баракчалар ж.б

| Негизги компетенттүүлүктөр: | Сабактын максаттары: көрсөткүчтөрү |
|---|---|
| 1.Маалыматтык: маалымат менен иштей билет. Жетишпеген маалыматты издеп табууга аракеттенет. | Билим берүүчүлүк: Ч.Айтматовдун өмүр жолундагы урунттуу учурларды үйрөнүшөт. “Ак кеме” повестинен алынган үзүндү “Бугу-Эне” жомогу менен таанышышат. Сюжеттик окуяларын үйрөнүшөт. |
| 2.Социалдык –коммуникативдик: өзүнүн билгендерин башка окуучулар менен бөлүшүүгө даяр. Маектешүүдө зарыл маалымат алууга даяр. Анны оозеки жана жазуу жүзүндө билдирет. | Өнүктүрүүчүлүк жагы: Сөз байлыгы өнүктүрүлөт. Оозеки жана жазуу речи калыптанат. Адабий чыгармаларды талдоо, образдарды мүнөздөй билүү, чыгарманын идеясын таба билүү боюнча түшүнүктөрү өнүктүрүлөт. Жомоктун урунттуу учурларын |

| | |
|---|---|
| | көрктүү окуу менен көркөм окуусу калыптанат. |
| 3.Өз алдынча уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү: өзүн-өзү өнүктүрүү ыкмаларын өздөштүрүүгө даяр. | Тарбия берүүчүлүк: Топтордо иштөө аркылуу балдар бири-бирин урматтоого, сыйлоого тарбияланышат. Мекенчилдикке, Мекенибизди сүйүүгө тарбияланышат. |

**Жогорку максаттар ишке ашат, эгерде: (сабактын көрсөткүчтөрү)**

**-окуучулар биринчиден Ч.Айтматовдун өмүрүндөгү урунттуу учурларын эстеринде сактап кала алышса (жашап өткөн жылдарын, чыгармаларын);**

**-“ Бугу-Эне ” жомогунун сюжеттик мазмунун толук өздөштүрүшүп, айта алышса;**

**-Чыгармада катышкан образдарды билип, аларды мүнөздөп бере алышса;**

**- Чыгарма боюнча берилген суроолорго, тапшырмаларга так жооп берип, туура өздөштүрүшсө;**

**- көркөм чыгармалардан тилдик каражаттарды таап, алардын маанилерин түшүнүп, күндөлүк турмушунда колдонуп, сүйлөмдөрдү курашты ра алышса.**

**Билим берүү стандарты**

| Кыргыз тили: | Кыргыз адабияты: |
|---|---|
| **Тилдик компетентүүлүк** | **Окурмандык компетенттүүлүк** |
| **Кептик компетенттүүлүк** | **Баалуулук дүйнө таанымдык** |
| **Маданий компетенттүүлүк** | **Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк** |


**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын этаптары | Убак | Мугалимдин иш аракеттери | Окуучулар-н иш аракети | Окууч.калып.чу Компетен-р | | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Негизги комп | Пред Комп | |
| 1.Мотивация Уюштуруу Шыктандыруу | 2-3 | 1.Сабакты уюштуруу жана жагымдуу маанай тартуулоо<br>2.Шыктандыруу | 1.Мугалим менен чогуу жагымдуу маанай түзүүгө катышат | НК-3 | | «Азаматсыңар!» «Дагы эмнени билесиңер?» деген сыяктуу сыпаттама |
| 2.Теманы жана күтүлгөн окуу натыйжаларын жарыялоо | 2-3 | 1.Тема жана максат менен таанышышат.<br>2.Доскага илинген плакаттардан кыска түшүндүрмө берилет<br>3.Окуучулар менен бирдикте талкууланат. | 1.Көргөзмө боюнча ойлорун ортого салышат.<br>2.Мугалим менен бирдикте теманы коюшат. | НК-1<br>НК-2 | | Дагы кимиңер кандай ойлорду айта аласыңар? |
| 3.Тема боюнча зарыл болгон | 4-5 | Жаңы тема боюнча маалыматтар | 1.Жаңы маалыматты | НК-1 | | Окуучуларга сыпаттама |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| маалыматтарды берүү | | берилет | окуучулар кабыл алышат. | | | баалар берилет. |
| Эс алуу мүнөтү | 1 | Разминка | Разминка | НК-2 | | |
| 4.Интерактивдүү көнүгүүлөр- сабактын борбордук бөлүгү | 25-27 | | | НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | | Мугалимдин алкышы, ар бир окуучуну өзүнчө сыпаттама баалар менен баалайт. |
| 5.Сабактын жыйынтыктарын чыгаруу; натыйжаларын баалоо | 5-6 | 1.Теманы бышыктоо үчүн суроолор берилет.<br>2.Талкуу<br>3.Баалоо<br>4.Үй тапшырма берилет. | Окуучулар өз жөндөмдүүлүк-төрү менен жазган иштерин жактап беришет. | НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | | Мугалимдин алкышы ар бир окуучуну өзүнчө сыпаттама баалар менен баалайт. |

**Сабактын жүрүшү: Уюштуруу.**

**Ч.Айтматовдун “Ысык-Көлдү сагынуу” деген ырын көрсөтүү менен сабак баштоо.**



**Класска жагымдуу маанай түзүү.Саламдашуу. Окуучулардын көңүл борборун сабакка буруу. “Кана, балдар,сабак башында ар бирибиз өзүбүздү мүнөздөп , 3төн сөз жазабыз. Мисалы , менин жаккан сапаттарым – акылдуу, тартиптүү, билимдүү, өзүмө жакпаган сапаттарым- унутчаак, тартынчаак ж.б. ушул сыяктуу”. Кыска убакыт ичинде балдар өздөрүнө кичине байкоо жүргүзүшөт. Мугалим аларды топтоп, окуп берет да, “ Анда эмесе, балдар, бүгүнкү сабакта жалаң мыкты сапатыңарды колдонгула, тартынчаак, унутчаак болсок, темага жакшы түшүнбөй калабыз, аларды токтотуп тургула” деп жыйынтык чыгарып сабак баштайт.**

**Жаңы тема менен тааныштырып, сабактын максатын айтып түшүндүрөт.**


**Өтүлгөндөрдү кайталоо. Үй тапшырма суроо иретинде дал келтирүү таблицасы иштетилет.**

**Дал келтирүү таблицасы менен иштөө.( Доскага илинет, Окуучулар топторго бөлүнүү менен Ч.Айтматовдун кыскача өмүр жолу , чыгармачылыгы тууралуу таблицаны иштешет.)**

**Дал келтирүү тапшырмалары**

| | | |
|---|---|---|
| Жоопторду жаз. | 1) 1928-ж.12-декабрь | А) Талас өрөөнү, Шекер айылы |
| | 2) Ч.Айтматовдун төрөлгөн жери | Б)Ч.Айтматов төрөлгөн |
| | 3) Кыргыз деген уруунун келип чыгышы жөнүндө уламыш | В) Каза болду |
| | 4) 2008-ж. | Г)"Бугу-Эне " |
| | 5) "Бугу-Эне " жомогу кайсыл чыгармаан үзүндү ? | Д) "Ак кеме" |

**Жаңы тема: Ч.Айтматов . "Бугу-Эне" жомогу.**



**Мугалимдин сөзү: Мугалим чыгарманын мазмунун , сюжеттик окуяларын бир сыйра эскертип өтөт. "Сабагыбыз сабак-мелдеш формасында өтөт. Ар бир берген жообуңар үчүн быйтыкча алып, тобуңар менен биргеликте жыйнайсыңар, сабак аягында кайсы топ жана кайсыл окуучу көп быйтыкча чогултса, эң алдыңкы топ жана мыкты окуучу болуп, жеңишке жетишет. Анда эмесе, сабагыбызды баштайбыз".**

**(Класска көрсөтмөлүүлүк катары да узун жипче тартып, баалоо быйтыкчаларды илип коюу керек. Ар бир жооп берген окуучу , топтун окуучулары улам быйтыкчаны алып, сандыгына сала беришет. Доскага 3 топ үчүн 3 кутуча(сандык) илинет. Ватсандан же**

кийизден жасалып, мугалимдин чеберчилигине байланыштуу. Же ар бир топ өз алдыларына деле чогултса болот).

Сабакты бышыктоо. Топтор менен иштөө. Сунушталуучу тапшырмалар.

1-тапшырма. “Суроолор көргөзмөсү”.

Бул үчүн кагаздарга суроолор жазылып, класстын каалаган жерлерине жабыштырылат. (Окуучулардын бойлору жете турган, анчалык бийик эмес, ыңгайлуу жерлерге жабыштырылышы керек. Суроолор жомоктун идеялык багытына карай төмөнкүчө болушу мүмкүн.

1-суроо: “Энесай” жөнүндөгү ырдын идеялык-көркөмдүк маанисин кандай түшүндүң?

2-суроо: Акылман эне Майрык-Чаар –Жез кемпир менен кең пейил мүйүздүү Бугу-Эне сага кандай таасир калтырды?

3-суроо: Окуя качан өтөт? Тексттен жооп: “Бул жомок эзелки окуя”.Атам заманда өтөт.

4-суроо: Окуя кайда өтөт? Тексттен жооп: Сибирь деген жерде, Эне-Сай деген өзөндүн боюнда өтөт.

5-суроо: Ал аймак бизден канча алыстыкта жайгашкан? Тексттен жооп: “Атчан адам аерге үч жыл, үч ай дегенде араң жетет”.

6-суроо: Күтүлбөгөн окуяны алгач кайсы куш кабарлайт?

7-суроо: Ал куш эмне деп сайрады? Жана ал кандай күн эле?

8-суроо: Күлчө баатыр деген ким жана анын азасы кандай болду?

9-суроо: Ошол учурдагы кыргыз элинин абалы кандай болду жана душмандардын максаты эмне болчу? Ж.б.у.с.

(Дагы ушул сыяктуу суроолорду кошсок болот.)

2-тапшырма: Образдар менен иштөө.


**Каармандарга талдоо берүү:**

| Каармандар | Сырткы кебетеси | Мүнөзү | Максаты | Максатка жетүү үчүн аракети |
|---|---|---|---|---|
| Хан | | | | |
| Майрык-Чаар –Жезкемпир | | | | |
| Бугу-Эне | | | | |

3-тапшырма: Жомокту ролдоштуруу.

**Ар бир топтон окуучулар чыгып, актердук чеберчилигин көрсөтүшүп, чыгарманын бир үзүмүн кыска чагылдырышат.**

**4-тапшырма: Венндин диаграммасы.**




**5-тапшырма: "Жомок каармандары-бизде мейманда"**

**Ар бир топтун окуучулары өз ара иштешип, бир каарманды жаратышып, алып чыгышат. Каалаbackup сүрөтүн тартып, кааласа кластер, синквейн түзүп, сүйүктүү жакшы көргөн бир каарманды чагылдырып беришет.**

**Сабакты жыйынтыктоо:**

**Мугалим доскага жалпы жомоктун мазмунун чагылдырган кластерди илип, сабак жыйынтыкталат.**



Экрандан Ч.Айтматовдун учкул сөздөрү көрсөтүлөт.

Сабакты баалоо.Топтордун иши бааланат. Кайсы топ активдүү катышты, кайсы окуучулар өзгөчө көп , мыкты аракет кылды? Жыйынтык чыгарылат.

Үй тапшырма: 1.Чыгарманын текстинен көркөм сөз каражаттарын табабыз.

“Жошолонуп, манаттанып, сөөгүн жерге берүү, чымын жаны учуп кетер алдында, тыптыйпыл, күлүн көккө сапыруу, тукум курут кылуу, кулак учунда боздогон үн, каран түн түштү”. Жогорудагы сөздөрдү жана сөз айкаштарын катыштырып, аңгеме жазабыз.

2. Кыргыздардын уруу, урук деген түшүнүктөрү тууральььььуу билип келесиңер.

**Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат!**




Сабакты даярдаган кыргыз тили жана адабияты мугалими : Джурсуналиева В.